# БАЛДАР СҮРӨТТӨРҮНҮН СЫНАГЫН ӨТКӨРҮҮ ЭРЕЖЕЛЕРИ
# « Интеллектуалдык менчик жана музыка. Интеллектуалдык менчиктин ыргактарын сез »

**1. Жалпы жобо**

1.1. 26-апрель – Интеллектуалдык менчиктин эл аралык күнүнө карата 2025-жылдын 1-мартынан 10-апрелине чейин "ИМ жана музыка. ИМдин ыргагын сез" аталышындагы балдар сүрөттөрүнүн сынагы өтөт (мындан ары Сынак).

Сынактын уюштуруучусу – Кыргызпатенттин алдындагы Интеллектуалдык менчик мамлекеттик фонду (мындан ары ИМ мамфонду) 7 18 жаш арасындагы курактагы балдарды катышууга чакырат.

1.2. Сүрөттөрдүн темасы – «**Интеллектуалдык менчик жана музыка**».

Тартуу техникасы, катышуучулардын даярдык деңгээли жана сүрөттөрдүн көлөмү мааниге ээ эмес.

1.3. Сынактын максаты:

- аймактардагы балдардын жана жаштардын чыгармачылыгын колдоо жана өнүктүрүү.
- коомчулуктун көңүлүн балдар чыгармачылыгына буруу.

Сынактын уюштуруучулары сынакты уюштуруудан жана өткөрүүдөн, андан тышкары Катышуучулардын иштерин колдонуудан киреше алуу же кандайдыр бир пайда көрүү максатын көздөбөйт.

1.4. Сынак ушул тиешелүү эрежеге ылайык өткөрүлөт.

**2. Уюштуруучу жана Сынак өткөрүлүүчү жер**

2.1. Сынактын уюштуруучусу – Кыргызпатенттин алдындагы Интеллектуалдык менчик мамлекеттик фонду, юридикалык дареги: 117246, Бишкек ш., Москва к., үй 62 А, 1-кабат, 102-иш бөлмөсү.

3. Сынакты өткөрүү мөөнөтү жана шарттары:

3.1. Сынакка катышуу үчүн сүрөттөр 2025-жылдын 1-мартынан 10-апрелине чейин кабыл алынат.

3.2. Жыйынтыгын чыгаруу: 2025-жылдын 20-апрели.

Сынактын жеңүүчүсү эксперттердин, Кыргыз Республикасынын Сүрөтчүлөр союзунун мүчөлөрүнүн ачык добуш берүүсү менен аныкталат.

3.3. Сынактын жыйынтыгы тууралуу маалымат жеңүүчүнүн аты-жөнү жана жаш курагын белгилөө менен, андан тышкары сынактын жеңүүчүсүнүн сүрөттөрүн көрсөтүү аркылуу Кыргызпатенттин жана ИМ Мамфондунун сайтына жайгаштырылат.

3.4. Сынактын уюштуруучусу 2025-жылдын 30-апрелинен кечиктирбестен байгелерди өткөрүп берүү үчүн зарыл болгон маалыматтарды тактоо максатында жеңүүчүлөр менен байланышат.

Байгелерди тапшыруу аземи Ош жана Бишкек шаарларында өткөрүлөт.

3.5. Сынактын уюштуруучусу Сынактын жеңүүчүлөрүнүн сүрөттөрүн гана эмес, ошондой эле өз каалоосу боюнча Сынакка катышуу үчүн жиберилген ар кандай сүрөттөрдү жайгаштыруу укугун өзүнө калтырат.

**4. Сынакка сүрөттөрдү берүүнүн тартиби жана аларга коюлуучу талаптар**

4.1. Сынакка катышуу үчүн сүрөттүн сканерленген көчүрмөсү https://stolichki.ru/ сайтына JPG, JPEG же PNG форматында жүктөлүшү керек. Файлдын максималдуу салмагы 5 МБ. Сүрөттөрдү Мамлекеттик интеллектуалдык менчик фондунун почтасына же Сайкал Руслsecurityованын s.ruslanova@patent.kg, почтасына жүктөсөңүз болот. Уюлдук тел: +996 709 711109

4.2. Катышуу үчүн арызды толтуруу кажет:

- Сынактын катышуучусунун аты-жөнү;
- жашы жана мыйзамдуу өкүлдөрүнүн байланыш маалыматтары (ата-энелеринин, камкорчуларынын);
- сүрөттүн аталышы;
- Сынакка катышуу үчүн сүрөтүн тапшырып жаткан катышуучу дарегин, жашаган жерин, уюлдук телефонун, окуган жерин (мектеп, класс) так белгилеши керек.

4.3. Эмгек ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн), мугалимдердин же башка үчүнчү жактардын жардамысыз өз алдынча бүткөрүлүшү тартылышы зарыл.

4.4. Төмөндөгүдөй жагдайда сүрөттөр кабыл алынбайт:

- Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарын, моралдык-этикалык нормаларды, ошондой эле үчүнчү жактардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын бузуу;
- Негативдүү же адамдын жана айрым топтордун кадыр-баркын жана ар-намысын кемсинткен, анын ичинде диний негизде, ошондой эле, үчүнчү жактардын кадыр-баркын кемсинтүүгө жана башка КР мыйзамдарын бузган эмгектер;
- адамдардын ортосундагы этникалык, улуттук, расалык жана башка айырмачылыктар темасында тартылган сүрөттөр;
- ар кандай соода белгилерин/бренддерди/кызмат белгилерин жана башка интеллектуалдык менчикти чагылдырган сүрөттөр.

**5. Сынактын катышуучусу, анын укуктары жана милдеттери**

5.1. Сынакка катышууга 7-18 жаш курактагы (сынакка катышуу үчүн сүрөттү жөнөтүү учурунда) балдар сүрөттөрүн тартууга уруксат берилет.

5.2. Чыгарма оригиналдуу жана ушул Сынакка атайын жасалган болушу керек.

5.3. Сынактын катышуучусу бир гана байгелүү орунга ээ боло алат.

5.4. Сынакка катышуучу (же анын мыйзамдуу өкүлү) сүрөттү коомчулукка жарыялоо жана ачык көрсөтүү боюнча макулдуган бериш керек. Бул макулдук Сынактын уюштуручусу тарабынан сүрөттөрдүн авторунун аты-жөнүн жана жаш курагын көрсөтүү менен расмий сайтка жайгаштырылат (3.

п.) .  жана көрсөтүлгөн социалдык тармактарына жайгаштырыусуна, ошондой эле 3.5- пунктуна ылайык сүрөттөрдү көрсөтүүгө жана ушул эрежелердин 10-бөлүмүнө ылайык башка максаттарга колдонуга берилет.

5.5. Сынактын катышуучусу (Мыйзамдуу өкүлү) төмөндөгүдөй укуктарга ээ:

- Сынактын шарттары менен таанышып, ал тууралуу маалыматты веб-сайттан алууга;

- ушул Эрежелерде белгиленген тартипте Сынакка катышууга;

-Сынактын жеңүүчүсү деп табылса, сыйлык алат. Байгенин акчалай эквивалентин алууга жол берилбейт;

**6. Сынакты уюштуруучунун укуктары жана милдеттери**

6.1. Сынактын уюштуруучусу төмөндөгүдөй укуктарга ээ:

- өз алдынча, өз каалоосу боюнча ушул Эрежелерди жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузуу менен аракеттенген жаранга Сынакка катышууга тыюу салууга;

- өз алдынча себептерин көрсөтпөстөн ушул Эреженин 4.4. пункттунун жоболорун бузган сүрөттөрдү Сынакка катыштыруудан баш тартууга;

- ушул Эрежелерде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген учурлардан тышкары, сынактын катышуучулары (мыйзамдуу өкүлдөр) менен жазуу жүзүндөгү жана (же) оозеки сүйлөшүүлөрдү же башка байланыштарды түзбөөгө;

- 3.3-пунктта көрсөтүлгөн веб-сайтта ушул эрежелерге өзгөртүүлөр жарыяланган шартта, өзгөртүүнүн себептерин көрсөтпөстөн, өз каалоосу боюнча ушул эрежелерди өзгөртүүгө. Мында киргизилген өзгөртүүлөр жарыяланган учурдан тартып күчүнө кирет;

- кандайдыр бир себептерден улам Сынакты Уюштуруучу пландаштыргандай өткөрө албаса, өз каалоосу боюнча Сынакты бир тараптуу токтото алат же жокко чыгара алат;

- Сынактын жүрүшүндө үчүнчү жактардын аракеттери/аракетсиздиги үчүн, анын ичинде интернет-операторлордун, социалдык тармактардын жана башка электрондук кызматтар үчүн да, өздөрү үчүн да, Конкурстун Катышуучулары үчүн да жоопкерчилик тартпайт.

**6.2. Сынактын уюштуруучусу төмөндөгүлөргө милдеттүү:**

- Сынактын жеңүүчүлөрү деп табылган Катышуучуларга ушул Эрежелерге ылайык сыйлыктарды берүүгө;

- Сынактын Катышуучуларынын (алардын мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) жеке маалыматтарын ушул Сынакка байланыштуу гана пайдаланууга жана Сынакка байланышпаган максаттарда үчүнчү жактарга маалымат бербөөгө;

- ушул Эрежелердин шарттарына ылайык Сынактын жүрүшүндө сүрөттөрдүн авторлорунан алынган укуктарды ишке ашырууга.

**7. Сынактын жеңүүчүсүн аныктоонун критерийлери жана тартиби**

7.1. Жеңүүчү 2025-жылдын 20-апрелине чейин ачык добуш берүү аркылуу аныкталат.

7.2. Сынакка берилген сүрөттөр төмөнкү критерийлер боюнча бааланат:

- Сүрөттүн Сынактын темасына дал келгендиги;
- Иштин өз алдынча аткарылгандыгы;
- Кызыктуу чыгармачылык чечим;
- сүрөттүн оригиналдуулугу, жаңычылдыгы.

7.3. "Сынактын байге фонду" бөлүмүнө ылайык аныкталган өлчөмдө мыкты иштердин авторлору жеңүүчү деп табылат.

**8. Сынактын байге фонду**

8.1. Байге фонду Сынактын демөөрчүлөрү тарабынан берилген эстелик белектерден турат:

8.2. Сынактын жеңүүчүлөрүнө (мыйзамдуу өкүлдөрүнө) байгенин наркынын акчалай эквиваленти төлөнүп берилбейт же башка байгелер менен алмаштырылбайт**.**

**9. Жеке маалыматтарды иштетүү**

9.1. Сынактын Катышуучусу (мыйзамдуу өкүлү) Сынакка катышуу үчүн сүрөтүн жөнөтүү менен интеллектуалдык менчиктин Мамлекеттик фондунун уюштуруучуларына ушул Эрежелердин 4-бөлүмүнө ылайык жиберилген өзүнүн жеке маалыматтарын алууга, чогултууга, системалаштырууга, топтоого, сактоого, тактоого (жаңыртууга, өзгөртүүгө), пайдаланууга жана башка жол менен (анын ичинде электрондук түрдө) иштетүүгө макулдугун ырастайт. Макулдук Сынактын узактыгына жана анын жыйынтыгы чыгарылган күндөн тартып 3 (үч) жылга берилет.

**10. Сынактын катышуучуларынын сүрөттөрүнө автордук укук**

10.1. Сынакка катышуу үчүн сүрөттү жөнөтүү менен Катышуучу (мыйзамдуу өкүл) Сынактын уюштуруучусуна эмгек автор тарабынан жеке тартылгандыгына жана плагиат эместигине, интеллектуалдык менчикти коргоо жаатындагы үчүнчү жактардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын бузбагандыгына кепилдик берет.

10.2.1. Сынакка катышуу үчүн сүрөттү жөнөтүү менен Катышуучу (мыйзамдуу өкүл) интеллектуалдык менчик объектиси (чыгарма) катары Сынактын уюштуруучусуна төмөнкү укуктарды өткөрүп берерин ырастайт:

- сүрөттү жарыялоого укугун;
- сүрөттү кайра чыгаруу укугун
- пайда табуу максатында эмес, чыгарманы таратуу укугун;
- коомчулукка ачык көрсөтүү укугун.